Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№02 (215) 2023-жыл, март  Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# QS дүйнөлүк рейтингдеги топ - 5 университет

15-бетте


## УЛУУЛАРДАН УЛУУ КЕП

*Элчиев Жаанбай Элчиевич, филология илимдеринин доктору, профессор*

**«Ооздун жели - сөз деген»,**
**Ошентип ойлойт сезбеген.**
**Андайларга кайран сөз,**
**Баары бир билбейт билбеген.**

2-бетте

## Студент кандай кийиниши керек?



7-8-бетте

## “БИЛИМ” ЛИЦЕЙИНДЕ ЖАҢЫ СТУДИЯ ИШТЕЙТ



4-бетте

## ИНСТАГРАМДА КӨП КАТТАЛУУЧУСУ БАР СТУДЕНТТЕР




13-бетте

# УЛУУЛАРДАН УЛУУ КЕП



## Таалим маанилүүбү же тарбиябы?

Урматтуу студент дос, ушул суроо сизди ойлондурду беле? Мектепте берилген, жашоодон алган билимге караганда, үй-бүлөдө берилген тарбия чоң роль ойнойт. Эң негизгиси таалим менен тарбияны эриш-аркак алып жүрүү керек. Жогорку окуу жайлардын мугалимдеринен билим гана алып чектелбестен, тарбиялык маани камтылган улуу кеп да уга жүрөлү деген максатта "Улуулардан улуу кеп" аттуу сериябызды сунуштайбыз. Алгачкы сериябыздын коногу ***Элчиев Жаанбай Элчиевич***, филология илимдеринин доктору, профессор

Бабалар калтырып кеткен макал, ылакап, учкул сөздөрдүн улуулугун, барк-баасын, маңызын качан башка келгенде, жаш өткөндө түшүнүп, акылдын күчүнө, турмуш өзөгүнүн түбөлүктүүлүгүнө тан берип, шыпшынат окшобойбузбу?! Акылман Аталардын айткандарынын калетсиздиги, түбөлүктүүлүгү улам мезгил өткөн сайын тастыкталып, замандын оош-кыйыштарында күчүн сактап, кайра маани-маңызы курчуп турганын көрүп, кыргызда артында аты калбаган кеменгерлердин көп болгондугуна ынанасың, сыймыктанасың!

“Кептеркана дүнүйө толуп кетип баратат,
Бири учса, бирөөсү конуп кетип баратат” – демекчи, мезгил канчалык закымдап, замандын оош-кыйышы канчалык күчөгөндөй сезилген менен, бул дүйнөнүн, адамзат жашоосунун өзөгү өзгөрбөйт окшобойбу. Жаштар жөнүндө да бир беткей пикир айтуу кыйын. Менин байкашымча, атамзамандан бери эле орто жана жогорку муундар өздөрүнүн баштарынан өткөргөндөрүн унутуп коюшуп, жаштарга сын-пикир айтышып келатышса керек. Мен да ошол «салтты» улап азыркы жаштарга болгон түшүнүгүмү билдирсем: азыркылар биздин учурга салыштырмалуу келечектери үчүн эрте ойлонуп, эрте күрөшө баштакандай. Ошондой эле буларда жеңил ойлуулук да, өзүмчүлдүк да күчөп бараткансыйт.

Мени кубандырган маселелердин негизгиси - кыргыз элинин кыйынчылыксыз, кан төгүүсүз эгемендүүлүккө жетишип, өз алдынча мамлекет болуп жашап жаткандыгы. Күйүнткөнү - коррупциянын, өзүмчүлдүктүн күчөп бараткандыгы, сатылбай турган эч нерсенин калбай бараткандыгы. Ойлондурганы - мамлекетибиздин, жаштарыбыздын келечеги.

Ыр, аңгеме сыяктуу көркөм чыгармаларды окуганды жакшы көргөнүм менен, жарата койгонго көп деле шыгым жок. Бирок мугалим болгондугумдун таасириби, өзүмдүн кыздарыма, жалпы эле окуучулар менен студенттерге багыштап «Өспүрүмгө өрнөк сөз» деген жалпы аталыштагы ойлордун түрмөктөрүн кара сөз, ыр түрүндө жазып жүрдүм. Биздин максат - «жаштар турмуш өзөгүн түшүнсө экен, бирине болбосо, бирине таасири, пайдасы тиер бекен» деген эле ой.

«Ооздун жели - сөз деген»,
Ошентип ойлойт сезбеген.
Андайларга кайран сөз,
Баары бир билбейт билбеген.

## УЛАН-КЫЗ, САГА ДЕГЕНИМ

- **Өзүңө туура сезилгендин баары эле туура боло бербестигин эсиңден чыгарба.**
- **Ар кандай ынанымдуу сөзгө ишенүүдөн мурда ал сөздү айткан адамдын жеке сапатын аныкта.**
- **Келжиректи аңдыбай, кеменгерди аңды.**
- **Кем акыл адамдар гана ар убак өзүнүкүн туура деп эсептейт.**
- **Эрдиктин түрү көп, башкага залакаңды тийгизбей, өз кадырың менен жашай алуу да – өзүнчө эрдик.**
- **Устаттын жолу улук, бирок бардык жагы үлгү эмес.**
- **Бардык жагын идеал тутууга арзыган адам жок, анткени жеке адамдан адамзат ар дайым эңсеп келген улуу сапаттар дайыма жогору турат.**
- **Чегинен ашса, бал да зыян, чеги менен болсо, уу да пайдалуу.**
- **Ишеним өтө ыйык түшүнүктөрдүн бири, колуңдан келсе, душманың ишенсе да, анын ишеничин акта.**
- **Эч качан бирөөнүн ийгилигине ичиңди тарытпа, анда эч качан адамдык деңгээлге чыга албайсың.**
- **Канчалык абройлуу болбосун, өзүң ырахат ала албаган кесипке, же кызматка умтулба.**
- **Сөзүң канчалык көп болсо, кадырың ошончолук аз болот.**
- **Таанымал чычкан болгондон көрө, таанылбаган арстан болгон артык.**
- **Кошоматчылык-адамдын алсыздыгы менен пастыгын айгинелөөчү мүнөз.**
- **Ишенчээктик - жүрөгү тазалыктын белгиси. Андай адамдар акылмандын кадырманы, шылуундун жеми.**
- **Табиятынан адилет адамдар душманынын да артыкчылык жактарын көрө алышат.**
- **Акылмандуулук сөзгө маани берүүдөн башталат.**
- **Жасалмалуулук жактырбаган адамдарга карата колдонулат.**
- **Жалган атактан жагымдуу уйку артык**
- **Каалаган учурда каалагандай уктай алуу да - чоң бакыт.**
- **Ачкөздүктүн акыры - аң.**
- **Принципке турам деп пастыкка түшүп кетпе.**
- **Билим түшүнгөн сайын жөнөкөйлөшөт.**
- **Сөз мааниси өтө көп кырдуу, маселен, «неге келбедиң?» деген менен «неге келбей койдуң?» дегендин айырмасы ат менен төөдөй.**
- **Күчтүү адам душманынын талуу жерин издебей, артыкча жагы менен алышат.**

**Саматулла Маматкары уулу**

НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# СТУДЕНТТЕРГЕ СТИМУЛ

**Жолдошов Толкунбек Мамытович, МИТ факультетинин профбюро төрагасы, тех.и.к., доцент:**

## "...алыскы райондон келип окуган студенттерге дагы мүмкүнчүлүк каралган"




ОшМУнун профилакториясы 1974-жылдан бери иштейт. Ал ОшМУнун №2 Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин жатаканасынын 2-кабатында жайгашкан. Түштүктөгү окуу жайлардын арасындагы профилактория болуп эсептелгендиктен Оштогу башка окуу жайлардын студенттери дагы келип жашап, дарыланып кетишет. Профилактория ар айда 50 студенттен, окуу жыл ичинде 10 жолу кабыл алат. Мурда стденттер жарым-жартылай акча төлөп келишкен. Азыркы күндө акысыз. Бардык чыгымдар КРдин билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитети тарабынан каржыланат. Бул жерде студенттер бекер дарыланып, ден-соолугун чыңдап, 3 маал тамак-аш менен камсыздалат. Ошондой эле медициналык-электрондук жабдыктар менен камсыз болгон жана ал жерде медицина кызматкерлери эмгектенет.

Профилакторияга жайгашуу үчүн студенттер өздөрү окуган ОшМУнун структураларынын профбюро төрагаларына кайрылышат. Профбюро төрагалар ал студенттин өздүгүн аныктап, ден-соолугу тууралуу маалым каттын негизинде окуудагы жетишкендигин, коомдук, маданий иш-чараларга катышуусун, үй-бүлөөлүк абалын эске алуу менен ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасына билдирүү менен кайрылат. Ошондой эле алыскы райондон келип окуган студенттерге дагы мүмкүнчүлүк каралган. Профилакториянын негизиги максаты – студенттердин ден соолугун чыңдоо, ар кандай оорулардан алдын алуу жана студенттерге стимул берүү болуп саналат.

**Анара Бакирова, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетеинин 4-курсунун студенти:**

## "...профилакторияга чакыруу алганда Дубайга путёвка утуп алгандай эле кубанганмын"



ОшМУда окуганыма 4 жылдын жүзү болду, профилактория жөнүндө 3-курста уктум, ага чейин такыр маалыматым жок болчу. Сабак учурунда агай профилактория жөнүндө сөз баштап калды. Ноябрь айынан баштап ар бир факультеттен 2 студентти кабыл алат, каалоочулар мага келип кайрылсаңар болот деди. Анан досум менен кеңешип экөөбүз ноябрь айындагы турга чыкмак болдук. Агай бизге жолдомо жазып берди, аны биз ОшМУнун башкы имаратына алып барып, бухгалтерия бөлүмүнө 500 сом акча менен тапшырдык. Ошол күнү профилакторияга кабыл алындык, эртеси барып жайгашсаңар болот деди. Студенттер үчүн бардык шарттар каралган, дарыгердин көзөмөлүндө болосуң, 3 маал ысык тамак, машыгуу залы, кино көрүп эс алуучу жай , намазкана айтор муктаждыктын баары бар . Ал жердин өз эрежелери бар. Баары студенттердин коопсуздугу үчүн түзүлгөн. Студенттик күндөрүмдүн эң кызыктуу, бактылуу көз ирмемдерге бай болгон учурларымдын бири профилакторияда болду десем жаңылышпаймын. Себеби профилакторияга чакыруу алганда Дубайга путёвка утуп алгандай эле кубанганмын. Профилакторияга 1-турга 50 дөй студент кабыл алынганбыз. Биринчи күнү эле жайгашып, жаңы достор менен таанышып ошол күндөн баштап чыныгы студенттик күндөр башталды. Бардык нерсе график боюнча тамак ичүү, эс алуу. Белгиленген убакыттан кечиксе тамак берилбей калат. Мен көбүнчө түшкү тамакка жетишпей калып жаттым. Себеби окууда болуп кеч калып барат элем. Кантсе да студент экенбиз бир айласын таап жаттым. Бир күнү жалпы студент достор чогулуп түнү саат 21:00 киного бармай болдук. Кантип чыгышты билбейбиз. Себеби ал жерде түнкү 21:00 эшик жабылып чыгууга мүмкүн эмес эле. Бизди бир агай көзөмөл кылып ошол жерде жатып калчу. Ал агайдын укташын күтүп, бир айласын таап ал жерден баарыбыз чыктык. Профилакториядан чыгышка чыгып алып, эми негизги дарбазадан чыгыш көйгөй болду. 4-5 студент дарбазадан эле чыгып кетишти, жарымы дубалдан ашып өттү. Калганыбыз жабылып турган бурчтагы кичинекей эшикти бузуп чыктык. Бир чети коркуп жатсак, бир чети аябай бактылуубуз. Ошентип күлүп жыргап киного барып, кеч кайтып келгенбиз. Ал жерде түнү кино көрүүчү залга баарыбыз чогулуп алып түрдүү кызыктуу оюндарды ойноп жаттык. Азыр менин профилакториядан тапкан досторум көп.

**Жакшылык Таалайбек уулу, Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 3-курсунун студенти:**

## "Эң негизгиси башка факультеттин студенттери менен жакындан тааныштык"



Профилакторияга мен акыйкатчы аппаратынын төрагасы Бекжан Жумабаев менен байланышып, ошол аркылуу барып калдым. Документтерди чогултууда мага кыйынчылык деле болгон жок, себеби факультеттен ушул студенттер жөнөтүлсүн деген кагаз берилет экен. Ошол менен барып эле башкы корпустан печать койдуруп анан профилакторияга бардык. Профилактория менен жатакананын айырмасы өтө чоң. Бир эле нерсени айтып берейин, ар нерсе өз убагында болот тамак-аш, эс алуу, уктоо, дарылануу, физикалык көнүгүүлөр жана ошону менен бирге эле тынчтыгы, тазалыгы менен айырмаланат. Мага ошонусу менен жакты, ал эми жатаканада болсо мен өзүм тынчтыкты каалаган үчүнбү айтор ызы-чууну анча жактыра бербейм. Ал жакта студенттер менен бирге кино көрүп жана башка кызыктуу оюндарды ойноп жаттык. Эң негизгиси башка факультеттин студенттери менен жакындан тааныштык. Жыйырма күн аралыгында убакытка өтө так болууну үйрөндүм. Окуудан сырткары "Рекорд" билим берүү мекемесинде ассистент болуп иштеп, ал жерден кеч чыгып, кечки тамактануу убактысы бүтүп калган убакта барып калган учурлар болду.

**Канайым Акназарова**

# "БИЛИМ" ЛИЦЕЙИНДЕ ЖАҢЫ СТУДИЯ ИШТЕЙТ

Акылдын өбөгү билим, жөлөгү тажрыйба демекчи, азыр жаштарга билим гана берип койбостон, аларга ошол жаатта тажрыйба алууга үйрөтүү замандын талабы. Дал ушундай замандын талабына ылайык Ош мамлекеттик университетинин көп жылдан бери билимдүү жаштарды тарбиялап келе жаткан "Билим" лицейинде, быйыл жаңы студия ишке кирди.



**Болушева Жоогазын Мырзабековна, "Билим" лицейинин директору:**

## "...окуучуларды коомдук пайдалуу иштерге тартуу менен бирге кесиптик багыт берип, чыгармачылыгын өнүктүрсөк дейбиз"



Мектептин телестудиясын ачуу биз үчүн окуучулардын журналистикага болгон кызыгуусун арттырууга жардам берген, ошол жаатта заманбап жабдуулар менен тааныштырган кичинекей долбоор болду. Ошондой эле окуучуларды коомдук пайдалуу иштерге тартуу менен бирге кесиптик багыт берип, чыгармачылыгын өнүктүрсөк дейбиз.

Телестудияны ачууну пландаштырып жатканда "Бул чындап эле керекпи?" деген суроо туулду. Телестудиянын пайдасына бир нече олуттуу аргументтерди таптык: бул бардык мугалимдерге, окуучуларга, алардын ата-энелерине, ошондой эле коомчулукка мектептин турмушу тууралуу маалымат берүүнүн эң сонун жолу, окуучулардын өзүн-өзү таанып билүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк, айрымдары үчүн мектеп телестудиясы келечектеги кесибине биринчи кадам боло алат.

Мектепке телестудия уюштуруу үчүн үчүнчү кабаттан чакан кабинет бөлдүк. Мындан тышкары, аны атайын жабдуулар менен камсыз кылуу, жасалгалоосун иштеп чыгуу керек болчу. Биздин иш-аракетибизге каржылык колдоо көрсөткөн ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Саттаров Абсамат Эрмаматовичке терең ыраазычылык билдиребиз.

Мектеп телестудиясы эстетикалык жана патриоттук тарбиялоо милдеттерин чечет. Биз окуучулардын жана мугалимдердин жардамы менен студиябыз аркылуу төмөнкүлөрдү чагылдырып турабыз:

- ар кандай иш-чаралар жана майрамдар (Билим күнү, Мугалимдер күнү, жолугушуу кечеси, акыркы чакыруу, бүтүрүү жана башкалар).
- кичинекей мектеп жаңылыктары, күн сайын болуп жаткан окуялар.
- конкурстардын жана олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болгон мугалимдер же мектеп окуучулары менен маектешүү.
- ата-энелер, мугалимдер, коомдук ишмерлер менен маек түзүү.

Келечекте ОшМУнун "Үмүт" телестудиясы, "Журналистика" факультети, жергиликтүү телестудиялар менен кызматташууну көздөп жатабыз.

**Молдояров Самаган Уланбекович, ОшМУнун "Билим" лицейинин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары:**

## "...5-6 минуталык материал даярдоого 2-3 күндөп убактыбыз кетти."



Студияны ачуу сентябрь айында эле планга коюлган. Аны менен биргеликте ютуб канал ачып, социалдык тармактарга "Билим" лицейиндеги ар түрдүү иш-чараларды, таланттуу окуучуларды жана алардын өнөрлөрүн чагылдырып, элге тартуулоо ниетибиз бар.

Албетте, жаңы нерсени баштоодо кыйынчылыктар болот экен, акча каражаты, техникалык база жана башка ушул сыяктуу маселелерди чечип алуу үчүн бир топ убактыбыз кетти. Студиябыздын ушул күнгө келишине 25 миң сомдун тегерегинде акча каражаты сарпталды. Азыр да бир аз кемчиликтерибиз бар. ОшМУнун профсоюз комитетинен 20 миң сом акча бөлүнүп берилип, студияны жасагалоого жана техникалык каражаттарды алганга жардамы тийди.

Студияга алып баруучу катары өзүбүздүн окуучуларды даярдап жатабыз, алардын сүйлөө чеберчилигин, кеп маданиятын калыптандырып, камерада, эфирде өзүн алып жүрүүсүн үйрөтөлү деген максатыбыз бар. Окуучулардын көз карашы да өтө сонун. Абдан кызыгуу менен келип, катышып жатышат. Азырынча өздөрү алып баруучу болуп, лицейдеги окуучулардан конок чакырып, эфирлерди даярдашууда. Бир аз тажрыйбага ээ болгонубуздан кийин, сырттан да ОшМУнун таланттуу студенттерин, деги эле өнөрпоз устаттарыбызды да конокко чакырып пайдалуу эфирлерди тарталы деген пландарыбыз бар. Албетте кемчиликтер бар, аларды оңдоп, көрүүчүлөргө дагы да мыкты видеолорду тартуулоого аракет кылабыз.

**Айзирек Гадаева, Ширин Абдылда кызы**

**Данияр Ташматов, "Билим" лицейинин 10-классынын окуучусу:**

## “Чынында съёмка кылуу үчүн аябай көп күч кетерин сездим”




Студиянын ачылгандагы сезимдерди сөз менен айтууга мүмкүн эмес, аябай кубангам. Биринчи жолу көргөндө арткы фон жасалгасы өзгөчө өзүнө тарткан. Студия биздин "Билим" лицейинин окуучуларына жакшы практика болуп берет деп ойлойм, анткени анча-мынча балдар өзүн-өзү экрандан көрүп жүрүш-турушун ондойт. Студиядагы менин кызматым алып баруучулук, мен бул кызматка биринчи драмкружокко барып жүрүп, каалоочу болуп чыккан элем. Съёмка тартып жатканда сөздөрүбүздү унутуп калган учурлар болду. Бир нече жолу кайталагандан кийин дагы такалып калганда агайыбыз жинденип калчу. Конокторубуз дагы оператор күлүп жиберсе өзүн токтото албай күлүп жиберишет эле. Ошентип кечке чейин калып кеткен учурлар болду. Чынында съёмка кылуу үчүн аябай көп күч кетерин сездим. Бул студиянын ачылышы мен үчүн окуучулук кездеги кызыктуу мүнөттөрдү өткөрүүгө өбөлгө түздү.

# СТИПЕНДИАТ СТУДЕНТ

ОшМУда эң мыкты студенттерге 1 000 000 сомго жакын сумманы түзгөн “АТУУЛДУК СТИПЕНДИЯ” ыйгарылат. Бул өлкөдө эң ири өлчөмдө студенттерге стимул болуучу стипендия болуп саналган ОшМУнун “Атуулдук стипендиясы”. Быйылкы окуу жылында 10 студентке тапшырылды. Стипендияны – ОшМУда эмгектенген, илимдин доктору, илимий чини бар, жашы улгайып калган профессор агай өзүнүн өмүр бою жыйнаган мүлкүн банкка төгүп, аны окуу жайга мурастап, мыкты окуган, өзгөчөлүккө ээ болгон студенттерге стипендия кылып берүү оюн билдирген. ОшМУнун жетекчилиги бул стипендияны 50 жыл бою төлөөгө банк, профессор агай, университет болуп үч тараптуу келишим түзүшкөн. 2012-жылы бул стипендия алгачкы ээлерине тапшырылган. Тагыраагы буга чейин эң мыкты 5 студентке ыйгарылып келсе, учурда 10 студентке ыйгарылат. Айрым стипендия ээлери менен маектешип, алардын ийгиликтери, алдыдагы максаттары тууралуу жакындан баарлаштык.

**Уулкан Кубатбек кызы, ОшМУнун физика техника-факультетинин студенти:**

## “Стипендиат болуп шаурмага жыгылдым”



Алай районунун Согонду айылында туулгам. Азыркы учурда 3-курстун студентимин. Бул ийгиликтерге биринчи колдоо менен жана өзүнө ишенүү менен жетсе болот. Сөзсүз түрдө жакшы окуу керек, ошондой эле аракет жана активдүүлүк да талап кылынат. Бул стипендияны ОшМУнун бардык 3-4-курсунун студенттери ала алат. Ал үчүн жакшы окуу менен активдүү болуу керек жана GPA баллы да роль ойнойт.

Стипендияга документ тапшыруу учурунда бир кызык окуяны айтайын, стипендия тууралуу бизге тапшыруу убактысынан бир канча жума мурун айтылган. Мен тапшыргым келген эмес, анткени менден да мыкты студенттер көп деп ойлогом. Анан 28-октябрь күнү факультетибиздеги бир мугалим чакырып, тапшырып көрө бер деди. Эртеси 29-октябрь тапшырылып бүтүш керек болчу. Сабактан чыгып досторума айттым, айтсам бир досум "Дос сен өтөсүң, мен сезип турам, алганыңда шаурма жейбиз"-деди, кийин өткөнүмдү билгенде "Айттым го, мен шаурма жей турганымы билгенмин"- деп күлдүрдү. Кийин бирге тамактанганбыз. Мага биринчи кабарлап чалганда ишене алган эмесмин. Сертификат тапшыруу аземинде толкунданып, бир чети кубанып жүрдүм.

ОшМУ менин келечегим. Себеби ушул жерден келечегим үчүн билим алып жатамын. Алган билимим менен келечегимди түзөм деп айтсам болот!

**Айпери Нурбек кызы, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинде 4-курсунун студенти:**

## “Азыраак уктап, көп иште!”- деген принципти карманам"



Өзүм Ош шаарынан болом. Келечекте медицина тармагындагы күчтүү адис болом деп ишенем. Окуудагы мыкты ийгиликтерим, илимий жетишкендиктерим жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгым үчүн «Атуулдук» стипендияга татыктуу болдум. Мен факультеттик, регион аралык жана эл аралык конференция жана олимпиадаларга катышып жетишкендиктерге ээ болгом. Спорт чөйрөсүндө да ийгиликтерим жана жеңиштерим көп. Ийгиликтеримдин артында чоң эмгек турат. Өзүмүн да, үй-бүлөмдүн да, ошондой эле окуткан агай-эжекелеримин да мээнети чоң. Канчалаган уйкусуз түндөр, кээ биринде кез-жаштарым, көптөгөн китептерди окуу, илимий макалаларды талдоо, изилдөөлөрдү жүргүзүү, агай-эжекелердин бош убактысына туш келтирип өз алдынча иштерди тапшыруу. Бирок мындай процесстерден кийин ийгиликтүү жыйынтыкка жеткенде канааттануу болуп,


мындан ары да токтобой өнүгүүгө умтулам. Стипендиант болуш үчүн бир эле мыкты окугандык жетишсиз. Мында илимий чөйрөдө, коомдук иштерде ийгиликтүү жыйынтыктарга жетүү керек. “Азыраак уктап, көп иште!”- деген принципти карманып келем. Стипендиат болгонумду билгенде аябай сүйүнгөм, мээнетимдин баалангандыгын билип канааттандым, мындан ары дагы аракет кылууга стимул алдым. Стипендиат болгон бул чоң жоопкерчилик, андан башка да ийгиликтерди багындырууну талап кылат. Менин максаттарымдын бири Кыргызстандын медицина тармагын өнүктүрүү жана элдин ден соолугун чыңдоо.

2022-жылы Россия Федерациясынын Новосибирск шаарында хирургия боюнча олимпиадага катышканда ОшМУнун медицина факультетинин командасынын курамында болгом. Теориялык жана хирургиялык инструменттерди билүү жана колдонуу конкурстарында мыкты катышкандыгым үчүн Новосибирск мамлекеттик медицина университетинин профессору Новиков Александр Иванович грамота тапшырып жатканда менин аракетими өзгөчөлөп төмөнкү сөздөрдү айтты: “Такая настырная, я бы хотел вас удочерить, из вас выйдет большой человек, оставайтесь у нас”.

**Олжобай Байзаков, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 3-курсунун студенти:**

## “ОшМУ мен үчүн - мүмкүнчүлүктөрдүн эшиги...”

Мен, Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Алайку айыл өкмөтүнүн Көк-Арт айылында туулгам.



18 жылдык өмүрүм, тактап айтканда, балалыгым, баёлугум, айылымдын чаң көчөлөрүндө өттү. Мектепти аяктаган соң өзгөлөр сыяктуу эле билим издеп шаарга сапар алдым. Биринчи кадамым Ош мамлекеттик университетининэларалыкмамилелер факультетине болду. «Дипломатия» деген сөз мектеп учурунда аңыз болгон үчүнбү, жөндөмүмдү эске албай эле, дегдеп келип документтеримди Эл аралык мамилелер факультетине тапшырып олтуруп калдым. Бирок жөндөм деген жөндөм, каалоо деген каалоо экен, жөн олтургузган жок, азыркы окуп жаткан кесибиме тартып туруп алды. Акыры баштагы окуумду таштадым да, кайра эле ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетине тапшырып, экинчи жолу студент болдум. Учурда ийгиликтүү билим алып жатам. Өмүргө экинчи келгенде деле ушул жолумду кайра бассам керек эле...

«Ар бир ийгиликтин артында тоодой эмгек жатат» деген сөз бар эмеспи. Бул сөздүн чындыгы бар экенине ынанам. Адам ийгиликке жетүү үчүн - талбай эмгектенүүсү зарыл. А бирок менде башкача, ушуга чейин жетишкен ийгиликтеримди себеби, менин эмгегим эмес, ата-эне, бир туугандарымдын колдоосу турат десем жаңылбайм. Себеби, билим алуум үчүн ата-энем элде жок шартты түзүп берди. Ал тургай менин окушум үчүн айылдан шаарга атайын көчүп келе бергенбиз. Биринчи окуумдан чыгып, туура кесип тандоомо түрткү болгон нерсе да - аркамдагы жакындарымдын үмүтүн актоо.

Эсимде калган эки мезгил бар: окуучулук, студенттик мезгил. Бул эки мезгил мен үчүн күлкү менен эскерилет. Алты жашымда нөлөбөй класска эки жолу, биринчи класска эки жолу, экинчи класска эки жолу баргам. Ошондой эле эки жолу 1- курстун студенти болгом. Күлкүлүүсү баарында тең жарым жылдан көп окуган эмесмин....

Ош мамлекеттик университетинде окуган ар бир студент стипендиат боло алат деп ойлойм. Стипендиат болуш үчүн өзгөчө адам болуштун деле кереги жок, өзгөчө студент болсоң жетет. Эң негизгиси, жетишкендиги арбын студенттердин катарында болуу абзел. Стипендия ээси болуу үчүн коюла турган талаптарга келсек, окууга катышуу-жетишүү эң мыкты болуусу керек. Андан сырткары, студенттерден айырмаланып, стипендиат боло турган студент идеяга бай болуусу абзел. ОшМУ мен үчүн, дегеле бардык студенттер үчүн - мүмкүнчүлүктөрдүн эшиги десем болот. Болгону мүмкүнчүлүктөрдү туура көрө билишибиз керек.

Ал эми стипендиант болгонумду биринчи жолу укканда башкача болдум. «Чын элеби?» деген суроо мээде чагыла түшөт экен. Себеби, документтеримди акыркы күнү тапшырган элем. Өтпөсөм керек деген дагы ой болгон эле. Угарым менен эле апама чалып сүйүнчүлөдүм. Апамын дагы кубанычында чек жок болду. Себеби, эң алгачкы ийгиликтеримдин бири эле. Биринчи айдагы акчанын баарын атама бердим. Бирок атам алгачкы акчаны башкалар менен дагы бөлүш деп, туугандар менен өзүм окуган факультеттин жигиттерине аш кылып бердим. Студент достордун окууларына ийгиликтерди каалайм!

**Сайдуллах Сулайманов, Эл аралык мамилелер факультетинин 4-курсунун студенти:**

## “Жалкоолуктун начар сапат экенин билсем дагы өзүм жалкоомун”

Саламатсыздарбы, мен Сайдуллах Сулайманов Кадамжайдын кулуну болом. Азыркы учурда Эл аралык мамилелер факультетинин



4-курсун аяктаганы турам. Төрт жылдын ичинде Академиялык мобилдүүлүктүн негизинде бир нече өлкөлөргө барып билим алып анын ичинде Европа жана коңшу өлкөлөрдүн окуу жайларынан тажрыйба алып келдим. Өзүмдүн жактырган сапаттарым бул тырышчаактык, алдыга койгон чоң максаттарыма болгон аракетим, умтулуум. Тыйындын экинчи жагы дагы бар дегендей менде дагы кемчиликтер, терс жактарым бар. Негизи эле адамдагы мактанчаактыкты, текеберчиликти анан жалкоолукту начар сапат катары карасам дагы өзүм жалкоомун.

ОшМУ мен үчүн шарт түзгөн жай. Стипендиат болуш ар бир студенттин колунан келет жана тең ата укуктары бар. Болгону тырышчаактыкты талап кылат. Алдыга койгон максаты үчүн аракети болушу шарт. Ошону менен бирге GPA баасы жакшы болсо, эл аралык семинарларга, конференцияларга катышса анан эл аралык мелдештерде чемпион болгондорго, республикалык, дүйнөлүк рейтингде жүргөн улан-кыздарга абдан жеңил болот. Мен ушул ийгилигиме жеткенде албетте кубандым бирок мактангым келбейт. Айтарым мен үчүн чыныгы ийгилик бул эмес чыныгысы элиме, жериме болгон кызматым бир келген өмүрдөгү пайдалуу ишим. Бул бир эле мен үчүн эмес кыргызмын деген ар бир атуулдун жүрөгүндө болушу шарт деп эсептейм.

Өзүмдүн унутулгус көз ирмемдеримден айта кетсем бир жолу ОшМУдан жалпы эле Кыргызстандан барган студенттер Казакстандагы Кыргыз Республикасынын элчилигинде окуп таанышып жүргөнбүз. Бизге Дастан Асанбекович Кыргыз Республикасынын Казакстан Республикасындагы ыйгарым укуктуу элчиси өзүбүзгө баш болуп үйрөтүп көрсөткөн. Ошентип эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилелердин орношунун 30 жылдык юбилейин өткөзгөнбүз. Чоң иш-чарага Казакстандагы бүт баардык элчилер, консулдар жана тышкы иштер министирлигинин кызматкерлери, депутаттар баары эки тараптан жолугушуу болгон. Ошол жерден Кыргызстандык эже-агалар менен таанышканбыз. Бирөө менен “Сен кайсыл жердин студентисиң?” дешкенде мен өзүмчө мактанып ОшМУнун буга чейин Чехияда, азыр Казакстанда окуп жатам деп кайра алардан сурасам: мен болгону Гарварды бүткөм, эки жыл Малайзияда, эки жыл АКШда билим алып келдим дейт. Алар болгону менден 2-3 жашка эле улуу болсо дагы ушунчалык деңгээлде ар жактан билим алып жүргөндөрү мени ары таң калтырса, ары кубандырды. Кыргызстан менин жашоом. Кыргызстан биздин гана мекенибиз. Бизге билим берди илим берди нанын жеп чоңойдук. Болгону биз өлкөбүздү сүйүүбүз, ага күйүүбүз керек. Кыргызстан келечеги кең өлкө! Албетте бул бизге, сиздерге окшогон жаштардын колунда!

**Жунус Асеков**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Студент кандай кийиниши керек?


Бүгүн эмне кием? Бул бут кийимим тиги көйнөгүмө жарашабы? Костюмумду кантип жарашыктуу кылсам болот? Деги эле кантип кийинем? деген суроолор ар бир адамды ойлондурбай койбойт. Дал ушундай суроолорго жооп алуу үчүн биз бүгүн кийинүү маданияты тууралуу сөз кылалы.

**Статистика боюнча аялдар эркектерге караганда дүкөнгө эки эсе көп барат. Кыздар көбүнчө кечээ кийген көйнөгүн бүгүн кие алышпаса балдар тескерисинче. Психологиялык жактан алып карасак, энергиялуу адамдарга кара түс жагат экен. Бирок жаштардын ачык түс кийип жүрүүсү жакшы, себеби кара түс адамды кары жана токтоо көрсөтөт. Негизи бир адамдын кийиминде 3 түстөн ашык болбошу талапка ылайык. Кийимдеги түстөр бири- бирине жакын болуусу керек. Мисалы: күрөң түстөгү пальто кийсеңиз, каймак же андан ачыгыраак күрөң түстөгү шарф же сумка асыныңыз. Муздак түстөр менен жылуу түстөр таптакыр айкалышпайт.**


**Кийим тандоодо көбүнчө толук адамдар кыйналышат. Алар дененин кемчилигин жашырам деп эки эсе кенен кийип алышат да бул денени ого бетер чоң көрсөтөт.**

**Ал эми арыктарга баары жарашат деп ойлойбуз. Бирок өтө арык адамдар да бул кемчилдикти жабууда туура эмес кийимдерди тандап алышат. Мындай адамдарга кенен кийимдер жакшы жарашат. Денеге өтө чыпташкан шым же көйнөк аларга кайрадан комплекс пайда кылышы мүмкүн.**


**Аксессуарлар: Билерикти сөйкө менен, ал эми мончок же кулонду шакек менен айкалыштырууга болот. Бир образда 3 же 4 буюмдун болушу – бул аша чапкандык. Ошондой эле көйнөк же кофтада жогорку 2 топчусун гана бүчүлөбөй коюуга болот.**



**Галстуктун учу шымдын белине чейин жетип же аны жаап турса болот. Эгерде сиз көйнөктү пиджаксыз кийсеңиз анда галстуктун кажети жок. Отурганда шымдын ичинен бутуңуз көрүнбөшү үчүн узун байпак кийиңиз.**



**Чындыгында, кийим кийүүнүн дагы белгиленген эрежелери бар. Топчуну бүчүлөө, галстукту туура тагынуу, шуру, сөйкөлөрдү туура тагуу ж.б. көптөгөн майда, бирок маанилүү учурларга көңүл буруу керек. Төмөнкү эрежелер айрыкча, жумуш берүүчү менен маектешүүгө бара жаткан адамдар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.**




**Коомдук жайдын, мекеме-ишканалардын өзүнө таандык кийинүү стили бар. Көпчүлүккө белгилүү болгондой окуу жайларда бири классикалык стилде, айрымдары эркин формада кийинип келишет. "Университетте студенттер кандай кийиниш керек" деген суроонун чегинде жүргүзүлгөн талкууга көңүлүңүздөрдү бурабыз.**



**Эргешбаева Алмаш, дизайнер, технолог:**

# “Студент деген статусту алып жүргөндөн кийин, статусуна жараша кийингени дурус”

Замандын өнүгүшү менен заман талаптары да өзгөрүп күн сайын өнүгүп жаткан учур. Адамды тааныш үчүн мамиле куруп, дидарлашып көрүү сыяктуу эле кийинүү стили аркылуу да адам баласынын экономикалык абалын, жумуш ордун, даражасын таразалап билүүгө болот.

Негизинен стилдин түрлөрү көп: классика, спорттук, кэжуал, гламур, бохо, этно, гранж, романтикалык, бельевой, пижамный, ретро, милитари ж.б. түрлөрү бар жана ар бир стиль адам баласынын кызматын, даражасын, коомдук кандай кечеге, кандай иш-чарага барарынан түздөн-түз кабар берет. Заманга жараша кайсыл учурда кандай кийинүү керектигин аз да болсо өздөштүрүп келе жатабыз. 5-6 жыл мурун мода кууп, түрлөп кийинип атандашуу күч болсо, азыр бир аз ал нерсе басаңдап калды. Элдердин бири-бири менен иши жок, кийимине көп маани берилбейт. Тапканын кийип кете беришет. Башкача айтканда тапканын кийүү модага айлангандай. Негизи бизге бренд, мода болгон кийимдер 5-6 жыл алдын батышта бренд болуп ал жакта жаңылануу башталганда бизге келет. Модадан бир топ эле артта жүргөнүбүз анык. Жай мезгилинде кийилчү кийимдердин түсү, фасону кышында, ал эми кышкысы жайында эле 4-5 ай алдын ала мыкты дизайнерлер тарабынан иштелип чыгат. Түстөрдүн айкалышуусу да чоң роль ойнойт. Ар бир түс өзүнчө маани, түшүнүк берет, маанай да тартуулайт. Мода түстөр менен да өзгөчөлөнүп турат. 1-2жыл мурун ачык түстөр: жашыл, сары, кызыл, көк, түстөгү кийимдер модада болсо, быйылкы жылдын түсү кочкул кызыл, сыя көк, сур, көк, кызгылт көк түстөр модада. Ошондой эле түстөр(өң), кездемелер да модага жараша өзгөрүп, 2-3 жыл модада, ал эми ак жана кара түстөр модадан түшпөйт. Жада калса бижутерия, аксессуарлар да талапка жараша өзгөрүп турат.

Кыргызстанда батышты туурап аша чаап кийинип жүргөндөр да толтура. Ал мода деген менен биздин менталитетке жооп бербейт. Мода деп бир жолу батышты туурап кеткенибиз туура эмес. Биздин да өзүбүздүн улутка тиешелүү улуттук колориттеги ыңгайлуу, көрктүү, жарашыктуу кийимдерибиз бар. Заманга жараша өзгөртүп, заман талабына ылайык жарашыктуу кийинип алууга эмнеге болбосун. Жаштар арасында көп кездешип жүрөт. Бири өтө эле кыска, экинчиси өтө эле узун, жүдөп да алгандар бар. Анан да ошол кийимдер менен коомдук жайларда, мекеме ишканаларда, кызмат орундарда иштеп, окуп жүргөндөрү жагымсыз көрүнүш. Мугалим, студент, кызматкер же кардар экендигин айырмалай албай калган учурлар да бар. Мен муну менен өз оюмду таңуулаганым эмес, болгону ар бир адам өз статусуна, жарашыгына, ыңгайлуулугуна карап кийинишсе деген ой. Өзгөчө кийинүүнү каалашса өзүбүздүн этно стилдеги, улуттук колориттеги заманбап стилде кийип алууга болот. Ошол эле жоолукту тыканыраак кептакыяга, кепканы калпакка алмаштырып эч болбосо саймалар түшүрүлгөн кемсел, белдемчилерди заманбап стилде кийинүүгө болот.

Баса белгилеп айтчу нерсе. Студент досторубуз арасында өзүм билемдик көбөйүп бара жаткандай, каалагандай, жарашса-жарашпаса да мода деп кийинишет. Студент деген статусту алып жүргөндөн кийин, өзүнө, статусуна жараша кийингени дурус. Мекеме ишканаларга классикалык стил ылайыктуу. Студент досторго айтаарым классика адамды сабаттуу, билимдүү, олуттуу, токтоо көргөзөт. Бул стиль менен мекеме, ишканалардын да деңгээли жогору көрүнөт.Тыкан, таза, так жүрүүгө арналган стиль. Байкасак классика кийген адам ээн эркин боло албайт. Бир аз өзүн түздөп, иретке келтирип, ашыкча иш-аракет көргөзө албайт. Мисалы, спорттук иш чараларга классикалык кийимди кийип бара албайбыз, анткени ал ыңгайсыз, жана да жалпынын көңүл чордонунда болосуң ошол сыяктуу эле коомдук ишканаларга, мекемелерге да спорттук, кече көйнөктөрүн дагы да башка стилдеги кийимдерди кийип баруу жагымсыз, жат көрүнүш жана этикага туура келбейт. Муну менен башка стилдеги кийимдерди кийбегиле деген сөздү айткым келген жок. Бар болгону тапканыбызды кийип кете бербей, ар бир стилди өз учурунда, өз убагында кийүү, сыймыктуу да, жарашыктуу да көрүнөт.

**Сагынбек кызы Сезим, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 3-курсунун студенти:**



## “...негизгиси студенттин бут кийими таза болушу керек”

Студенттер классикалык түрдө кийингени дурус. Анткени алар коомдук жерде жүрүшөт жана алардын кийген кийими жогорку окуу жайда окуп жаткандыгынын эң биринчи белгиси деп эсептейм. Мен өзүм классикага жакын адаммын жана кээ бирки студенттерди көрсөң эле кычырап костюм шым кийип, бутка келгенде кроссовканы тандап алышат. Бул нерсе такыр төп келбейт да. Кроссовканы спорттук кийим менен дене тарбия сабактарына кийгиле деп айтар элем. Андан сырткары улуттук колорит, этно стиль боюнча. Азыр аябай өнүгүп жаткан учуру. Ушул стилди колдойм жана баарына сунуштап кетер элем. Кыргызда жакшы сөз бар эмеспи, “Кийимине карап тосуп алып, билимине карап узат”,- деген. Эң негизгиси бут кийимдин таза болушу. Кайсыл жерге барба, кандай даражадагы адам болбо, биринчи бутуң таза болушу керек.

**Замир уулу Насирдин, Математика жана информациялык технологиялар факультетинин 1-курсунун студенти:**



## “Кийим – билим алууга таасирин тийгизбейт”

Биз кыргыздар негизи эркин элбиз жана эркин жүрүүнү жакшы көрөт эмеспизби. Туура, ар бир жердин өзүнө ылайыктуу кийинүү маданияты, стили бар. А студенттер менин оюмча ар ким өзү каалагандай кийингени оң, себеби кийим – билим алууга таасирин тийгизбейт. Ошондой эле сиз сатып алган костюмду мен, мен сатып алган туфлини дагы башкасы сатып ала албашы мүмкүн. Ар бир адам колунда бар нерсесин жарашыктуу кылып кие алса, мына ошол маданият деп ойлойм. Кантсе да ар ким өзүнө ыңгайлуу болгон кийимди тандайт да, мен да ошолордун катарындамын

**Айзирек Гадаева**

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР Студенттердин коомдук-маданий гезити @oshsu.kg www.oshsu.kg

# ЖАШТАР АРАСЫНДА КИТЕП ОКУУ КАНЧАЛЫК ДЕҢГЭЭЛДЕ АКТУАЛДУУ?

**Китеп окуу акылды курчутат, адамды чечендикке тарбиялайт, сөз байлыгыңды өстүрөт, акылмандуулукка жетелейт. Китеп окуп жатканда мээ маалыматты анализдейт, каармандардын иш-аракетине баа берет, кырдаалды аныктайт. Үн чыгарып окуу менен интонацияны туура койгонго, туура сүйлөгөнгө үйрөнөт. Китеп окуу процесси биздин көңүлүбүздү бир жерге топтогонго үйрөтөт. Пайдасыз маалыматтарга алаксыбай, жан дүйнөгө руханий азык алууга жардам берет. Анткени китепти көп окуган адамдар билим алууга ынтызарлыгы күчөп, кандай гана ишти баштабасын, аны сапаттуу жана аягына чейин аткара турган чыдамдуулук менен эрктүүлүк сапаттарды өзүндө тарбиялаганга үйрөнүшөт.  Бирок азыркы тапта китепкөй жаштарды кезиктирүү оңой эмес. Анткени 7 жаштан 70 жашка чейинки адамдардын дээрлик баарынын колунда телефон болгондуктан, китепке болгон кызыгуу жоголуп баратат.  Мына ушул көйгөйдүн канчалык деңгээлде чын-төгүн экенин аныктоо максатында жана жаштардын китепке болгон кызыгуусун билүү үчүн атайын сурамжылоо жүргүздүк.**

**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин магистратура бөлүмүндө окуп жаткан Кылымбек Абдиманап уулу**

## "Китеп окууну үй-бүлөдөн башташыбыз керек"

***– Азыркы учурда жаштар арасында китеп окуу канчалык деңгээлде актуалдуу деп ойлойсуз?***

– Бир устатым айтты эле: "Азыркы жаштар үч максатта китеп окуйт. Биринчиси -мугалим берген тапшырмадан кутулуш үчүн, экинчиси – "баланча да окуйт экен " деген сөздү угуш үчүн, үчүнчүсү - ал өзүнүн рахаты үчүн окуйт" деп. Анын сыңары азыркы жаштар да ар бири, ар кандай багыттагы китептерди окушат. Китеп окуу жарыштары байма-бай уюштурулуп жаткан сайын китеп окуунун актуалдуулугу артып бараткансыйт. Тыйындын эки бети бирдей болбогон сыңары ар кандай жанрдагы китептер окулууда. "Адам болгум келет" деген китептин жанында " Кантип бир айдын ичинде байып кете алам?" деген китептер сатылып турган мезгилде туура китеп тандоо өзүнчө бир түйшүк.

***– Көбүнчө кайсы жанрда китеп окуйсуз жана студент досторго сунуштайсыз?***

– Көбүнчө тарыхый чыгармаларды окуйм. Ал эми студент досторго да ушул жанрды сунуштайт элем. Өзүмдүн жеке пикиримде "окуш керек" деп санаган чыгармаларды тизмелегенге аракет кылайын:

1)Самсак Станалиев "Ак жарыктын айыкпаган чыныгы"

2) Качкынбай Осмоналиев "Көчмөндөр кагылышы"

3)Көчкөн Сактанов "Маркумдар үнү"

***-Китеп окууну кантип көндүм катары калыптандырууга болот?***

– Бир күндө жок дегенде бир аңгеме же бир повесть окуп туруш керек. Психологдордун айтымында жыйырма бир күн катары менен кайталанган нерсе адатка айланат экен. Демек, бир айга чейин күнүнө китеп окуп турса анда анын көндүм катары калыптанганы ошол эмеспи.

***– Жаштар арасында эмне үчүн китеп окулбай калды деп ойлойсуз?***

– Такыр эле окулбай калды дешке болбойт. Жакында эле бирөө айтты эле:"бир жылда жүз китеп окудум" деп. Арабызда окурмандар дагы да арбын болгону алар аны менен мактанбайт. Китеп окууну үй-бүлөдөн башташыбыз керек, себеби, бала айтканды эмес көргөнүн кылат. Үйдө китеп текче жок болсо, ата-энелердин китеп жөнүндө түшүнүгү жакшы болбосо анан кантип балдар окурман болуп тарбияланат эле?

***– Башка бирөөнүн китеп окуусуна себепчи болдуңуз беле?***

– Бул суроо мага студент кезде чыккан практиканы эске салды. Жаңы гана практикага чыккан элем окуучуларымдан бирөө: " Агай, практикаңыз бүткөнгө чейин мага окуганга китеп берип туруңуз" деди. Бир айлык практика да аягына чыгып калганда жанагы окуучум жаныма келип саламдашкан соң:" Агай, китебиңизди күндө жатарда окуп жаттым, жакшы китеп экен" дейт. Көрсө ал күндө уйкусу келбей калганда "успокаивающее" катары окуп жүрүптүр. Түнү менен уйкусу келбей интернет чукулап таң аттырып, эрте менен тура албай ата-энесин кыйнап жүргөн бала эрте эс алып, эрте турганга үйрөнгөнүн айтып ыраазы болду эле.(күлүп)

***– Китеп окуу тууралуу уюмдарга катышкан белеңиз жана уюмдарга карата көз карашыңыз кандай?***

– Кыргызстанда " Оку"деген долбоор бар дал ушул долбоор ар эки ай сайын сынак уюштуруп турат. Бул долбоордун өзгөчөлүгү окурмандарды үч топко бөлүп алган "жалпы окурмандар, студенттер анан өспүрүмдөр" деп сынак уюштурса да ушул бөлүнгөн окурмандарга жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша



ар кандай тематикадагы чыгармаларды беришет. Саны көп болуп сапаты жок болуп чыгып калган китептерди сатып түгөтүш үчүн да кээде сынактар уюштурулуп калат. Бирок, анын шарттары өтө эле оор болуп калат: " бизден китеп сатып ал, демөөрчүлөргө каттал, бизди белгиле" деген талаптары бар. "Оку" долбоору сыяктуу катталып коюп анан сынакка чейин бериле окуп катышса анда бир жөн. Мен өзүм да БАБКга мүчөмүн. Ишмердүүлүгүбүз улантып жатат. Дагы да айылдарга китепканалар уюштурулуп ачылууда, бирок, мамлекеттик колдоо жок экени бул тармакты аксатып жаткансыйт. БАБКдан чогулган китептер укмуш эле адабий шедеврлер деп айтууга болбойт, ким эле өзүнүн жакшы китебин жаңы түзүлүп жаткан китепканага бергиси келсин. Андан көрө мамлекет өзү көзөмөлдөп ар бир мектепке чакан да болсо китепкана уюштуруп бергени дурус болот беле...

**Бактыбек кызы Айзат, Педагогика жана психология факультетинин магистратура бөлүмүнүн студенти:**

# "...адабий китептерге басым жасайм"

Азыркы учурда китеп окуу 4,5 жыл мурункуга караганда бир топ эле жанданганы байкалат. Китеп дүкөндөрдүн күн санап көбөйүп жатканы китепканаларда окурмандардын көптүгү, дүйнөлүк адабияттардын которулуп жатканы, китеп сынактар, инстаграм, тик - ток, телеграмм, фейсбук ж.б. соц. тармактардагы китептердин реклама, талкуу болуп жатканы буга эң соонун далил болуп бере алат.

Мен өзүм адабий китептерге басым жасайм. Анткени анда тарых, чындык, көркөмдүүлүк, мотивация, чыныгы жашоодон алынган окуялар, өмүрүбүздө укпаган акыл-ойлор камтылган. Андан сырткары диний китептерди окуйм анткени жашоонун тууралыгы, шарият маселелери, акыйкат жана жакшылыкка, тууралыкка багыт алуу бар.

Аздан көпкө, оңойдон татаалга. Алгач бош калганда, чарчаганда, кыжаалат болгондо, бир нерсени издегенде, акыйкатты билгиң келгенде, мээнде айланган көптөгөн ойлорго жооп издөө үчүн баштасаң китептен сөзсүз жооп табасың. Анткени аны жазган адамдар сен көрө элек, баса элек жолдон эбак эле өтүшкөн жана өз жашоосунда башынан өткөргөндөрү аркылуу жооп беришкен.

Азыркы учурда жаштардын китеп окубай калуусунун себептери маалыматтын көптүгүнөн, кээде китептин көптүгүнөн, үйдө ата - энесинен, улуу ага-эжелеринен көрбөгөндүгүнөн, өзүнүн бүтпөгөн шылтоосунун көптүгүнөн деп ойлойм. Болбосо китеп окуу согушка аттанганчалык деле кыйын эмес.



Башкалардын китеп окушуна колумдан келишинче себеп болгом. Дагы да себеп болгонго аракет кылам. (азыр эле бир окуучума " Элдин балдары " деген китепти бердим). Китеп кепм, китеп лагер, китеп сынак аттуу иш-чараларга он-лайн, офф-лайн катышып жүрөм.



**Жунус Асеков, Журналистика факультетинин 1-курсунун студенти:**

# "...сумкама батышынча китептерди салып, кийимдеримди кабаттап кийип баргам"

Чын-чынында бизде (жаштарда) китеп же китеп окуу деген түшүнүк кечээки союз убагындагы деңгээлден бир кыйлага артта калгандай сезилет. Ал доорду көрбөсөм да көргөн адамдардан угуп, ошол убактагы тартылган кино-тасмалардан адамдардын колунан китеп, газеталардын түшпөй жүргөнүнө күбө болгом. Эми бүгүнкү күнгө келсек, көп окулуп жаткан бизнес китептерине, 30-40 беттен турган котормо китептерге ичим чыга бербейт. Менин көз карашымда китепти руханий жакка эмес материалдык кызыкчылыктар үчүн окуп жаткандайбыз.

Учурда тарыхый романдарды окуп жатам. Мурун окусам да кайрадан кайталап жаңы жыйынтыктарга, жаңы түшүнүктөргө, жаңы табылгаларга күбө болуп жаткан кезим. Студент досторго сунуштоочу китептер "Маркумдар үнү", "Чагылгандын көз жашы", "Каар заман" ал эми "Сынган кылыч", "Манас" үчилтигин сөзсүз түрдө жана да пайгамбарыбыздын, сахабалардын, улуу аалымдардын өмүр баяндарын окуу керек.

Китеп окууну адатка айлантса болот. Ал үчүн күнүнө жок дегенде 20 бет окууну 20 күн бою кайталоо керек. Негизги жолдору көп бирок мен төмөндөгү жолду сунуш кылмакчымын. "25+5". Мында 25 минута эч нерсеге алаксыбай телефондон ызы-чуудан алыс болуп китеп окуу керек. 25 минутадан кийин 5 минут эс алып кайра 25 минут китеп окууну улантуу керек. Анткени адамдын мээси алгачкы 25 минутадагы маалыматты жакшы кабыл алат экен. Демек, ушул убакта биз эмнени окуп жатканыбызды түшүнөбүз жана андан ары эмне болот экен деген кызыгуу пайда болот.

Китеп окулбай калганынын себеби телефон, интернет деген түшүнүк пайда болду жана адамдардын баарын өзүнө тартып, байлап, ээрчитип алды. Андагы баарын кызыктыруучу ар кандай оюндар, программалар, соц. тармактар адамдарды кишендеген чынжырлар болуп калды. Анын үстүнө мамлекет тарабынан китеп окутуу боюнча жакшы колдоо жок. Компьютер класстарын көбөйтүп, заманбап делген заңгыраган жаңы компьютерлер менен жабдылган мектептерди салып берип, жада калса ата-энелер да балдары үчүн ары кайдыгерликтенби, ары аргасыздыктанбы китептин ордуна телефон карматып жатышпайбы! Анан кантип балдар китеп окусун?



Мен каерде болбоюн сумкама китеп салып алам. Былтыркы жылы Россияга иштеп барганымда сумкама батышынча китептерди салып, кийимдерим батпай калып биринин үстүнө бирин кабаттап кийип баргам. Ал жакта чогуу жашаган досторум кызыгуу менен карап, сурап окушкан эле. Ошентип көп адамдын китеп окуусуна себепчи болдум. Китеп окууга үндөгөн ар кандай долбоор, уюмдарга катышкан эмесмин. Бирок көз карашым жакшы эле. Жакшылыктын жайылышына себепчи болуунун жаман жагы болчу беле. Андыктан уюмдар эле эмес ар бирибиз жакшыны жайылталы!

**Айжаңыл Нурмамат кызы**

**ЖАШТАР БИЗНЕС ПАРКЫ**

# БИЗНЕСМЕН СТУДЕНТ

Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинде 1-курста билим алып жаткан Адахамова Мубина бизнеси тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди

Мен 2004-жылы Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Таширов айылында төрөлгөм. Бизнес идеянын келип чыгышына акчанын жетишсиздиги себеп болду, себеби биздин үй-бүлөдө, туугандарда балдарын жогорку окуу жайга окутушпайт, бирок мен өзүмдүн кызыгуум, аракетчилдигим менен окууга тапшырдым. Окууга тапшырган соң жашоочу жайга, тамактанууга акча керек болот эмеспи, дайыма ата-энемден суроодон тартынгандыгымдан, өзүмдү өзүм каржылоонун жолдорун издей баштадым. Окуу жайга келип көптөгөн досторду таап, жакшы адамдар менен тааныштым. Акылай деген тайпалаш досум ОшМУнун "Жаштар бизнес паркы" боюнча маалымат берип, барууну сунуштады. Бизнес планымды алып барсам 600 адамдын катышкандыгын айтты. Бир нече убакыттан кийин менин тандалгандыгымды айтышты жана курска чакырылдым. Бизнес парктагы бир айлык курста бизге кардар табуу, бизнести жолго коюу, план түзүү, акчаны орду менен пайдаланууну үйрөтүштү. Курс аяктаган соң бизнес планыбызды презентация кылдык, 5 адамдын ичинен үчөөбүздү тандап алышты. Ошентип 2000 доллардык гранттын жеңүүчүлөрүнүн бири болдум. Гранттын ээлерине акчанын өзүн бербестен, керектүү буюмдарды ошол акча менен алып берет жана дайыма көзөмөлдөп турат. Ушул менен гана токтоп калбастан дагы да бизнес боюнча курстарга окусам, акча пайдаланууну үйрөнсөм деген ниетим бар.

Менин ушул даражага келип, тортторду жасап калуума апамдын колдоосунун өзгөчө орду бар. Себеби апам кыздарга торт жана




башка ширииндиктерди жасоо боюнча сабак берчү. Кийинчерээк мага да торт жасоону, аны сапаттуу жана даамдуу кылууну үйрөттү. Мен көбүнчө апамдан үлгү жана мотивация алам. Себеби апамдын жасаган жумуштары, окуучулары менен болгон мамилеси абдан сонун. Сабагы бүткөндөн кийин жасаган тортторун бөлүшүп алып кетишчү, мага ушунусу абдан жагат эле, мен да ушундай кылам деп кыялданчумун.

Бизнесте 1 айлык кирешем заказдардын баарын кабыл алып талыкпастан жумуш кылсам 50-60 миң сом болот. Кээ бир учурларда сабакка алаксып, алган заказдарымды унутуп калып же жетишпей калган убактар да болуп турат. Бир окуяны айтып берейин: Сабакта болчумун телефонума коңгуроо келип калды, коңгуроо кылган мага торт заказ кылган адам болчу, "Той башталганы калды торт эмне болду?"-деди, мен аны таптакыр унутуп калыптырмын. Шашылып апама




коңгуроо кылып абалымды түшүндүрүп, сиз даярдап туруң мен кетип жатам деп, Оштон Кара-Сууга жол алдым. Жеткенимде апам торттун кремин жасоону баштаган экен, мен өзүм жасалгаларын жасап тойго барган убагымда башталганына бир канча убакыт болуптур, күйө бала менен келиндин алдына коюлчу торт эле. Алар турушканда барып тортту коюп жатсам элдин баары мени карап жатышты, аябай уялганмын. Бирок той ээлери аябай жакшы кишилер экен акчамды берип, мени да туура түшүнүштү, кечирим сурасам "Кээ бир убактарда болуп турат,"- деп көңүлүмдү көтөрүүгө аракет кылышты. Бир заказга жетишпей калып атаандашымдан заказ кылып кардарыма жеткиргенмин, себеби бизге Эрлан Камалов: "Өзүңөрдүн кардарларыңарды жоготуп албоо үчүн атаандаштарыңардан да алып турсаңар болот,"- дечү. Кардарымдын заказына жетишпей калып уруш угуп, ыйлап



3-4 күн торт жасабай калган күндөрүм да болгон. Эрлан Камалов семинарга чакырып, кеңешин айтып, мотивация берген. Кайра өз ишимди баштап, кардарым менден кечирим сурап, азыркы учурга чейин торт заказ кылып алып турат. Азыр ишканамды Кара-Сууга ачып жатам, өзүм ал жактан болгондуктан, көпчүлүк заказдар да Кара-Суудан келгендиктен адамдарга жакын жана каражат тарабынан арзан болуусун каалайм. Мен бир гана өзүмдү эмес менин товарларымды алган адамдарды да ойлойм. Кара-Суудан Ошко келип товарды алып кетиш үчүн да каражат көп кетет ошого байланыштуу жакын кылып ачууну чечтим. Азыркы учурда Ошто жашаган үйүмдө да жасайм, Оштон келген заказдарды ушул жерден камсыз кылам. Азырынча менде эч кандай жардамчы жок жеке өзүм иштейм. Кээ бир учурларда заказ көп болуп калса же болбосо мен Ошто болсом Кара-Суудан заказ келип калса, жетишпей калсам апамдан жардам сурайм. Апамдан башка эчкимге да ишене албайм жасаган жумушуна ичим чыкпайт, досум иштейм дегенинен 3 күн иштетип көрдүм бирок жасаган жумушу мага жакпагандыктан иштебей калды. Айылда эки атаандашым бар, атаандаштык болгон




жерде артта калуу болот эмеспи, ошол үчүн жасап жаткан жумушумду изденүү менен аткарганга, башкалардыкынан өзгөчө кылганга аракет кылам.

**Бийгелди Апжапаров**

# СТУДЕНТ КЕЗДЕ КУРУЛГАН ҮЙ-БҮЛӨ

*Бир убакта үй-бүлөнү, окууну да айкалыштырган жаш түгөйлөр азыркы учурда аз эмес. Алардын катарында ОшМУдан бири-бирин тапкан жаштар арбын.*

*Залкарбек мырза Папандын кулуну, азыркы учурда медицина факультетинин студенти жана Ош шаардык тез жардам бекетинде фельдшер болуп эмгектенет. Ал эми жубайы Нурзаада Алай районунда туулган, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филология адистигинде 4-курста окуйт жана № 5 Ж. Бөкөнбаев мектеп-гимназиясында кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенет. Эки жаштын тою 2022-жылдын 22-августунда болуп өткөн. "Экөөбүз тең максатыбызга жетүү үчүн токтобой өжөрлөнгөнүбүз окшош" – деген жаш жубайлардын маеги назарыңыздарда:*



**Залкар:** Алгач, Нурзааданы дос баламдын тоюнда 2020-жылы октябрь айында жолуктургам, негизи мен анча деле кыздарга маани бере берчү эмесмин, албетте көп эле кыздарды кезиктиресиң бирок жубайым ошол тойдо укмуш сонун каалоо-тилек айткан, ошондо жүрөгүм "зырп" дегенин байкагам. Көрсө, алып баруучу, диктор анан мугалим экен да. Кийин сүйлөшүп көрүп билимдүү, түшүнүктүү, максатына карай умтулган аракетчил кыз экенин байкагам, экөөбүз 2-3 ай жөн гана тааныш катары мамиледе болсок да туулган күнүмдө сонун китептерди белекке берген, ошондо эле жубайым болорун сезгем.

**Нурзаада:** Ооба, ошол күнү дос кызым турмушка узап жаткан, той үйдө болчу. Залкар менен жанаша олтуруп калыптырбыз, мага башында "Мен тоодон келгенмин, мал менен алектенемин, окубайм" деген, а мен ишенип алыптырмын, анан той аяктайын дегенде мунун 2 досу айтып коюп жатпайбы "эгер жүрөгүң ооруса Залкарга бар, тез жардамда иштейт, келечектеги врач " дешип. Ошентип жолдошумдун аракетинен улам мамилебиз уланып кетти. Негизи, мен үйдө эркин чоңойсом деле, кээ бир тааныш балдардан майрамдарда белек алып калсам деле үйдөгүлөргө "жигит" темасын такыр айтчу эмесмин. Башка кыздар апалары менен сырдашып, көзгө илип койгондорун көрсөтүшүп, кеңеш сурашат, мен такыр антпептирмин. Тартынат окшойм же өзүмдүн адамым жолукмайынча эч кимге эч нерсе айтпайм деп ойлогон окшоймун. Апама айткан биринчи жана акыркы жигит -жолдошум Залкар болду, и-и анан эң биринчи жана акыркы жуучулар да жолдошумдун ата-энеси болгон .

**Залкар:** Турмуш курганыбызга аз эле убакыт болсо да көп кызыктар өттү. Эң алгач мамилебиз эми гана жанданып келе жатканда мен чет өлкөгө кеттим, арада 11 ай телефон аркылуу сүйлөштүк, албетте аралыктын алыстыгынан улам көп эле түшүнбөстүктөр болду, көңүлүн алып белектерди жиберчүмүн, кандай учур болсо деле жараткан маңдайга жазган нерсе болот экен, ошентип 11-ай дегенде Нурзаада тамашалап "турмушка чыгып жатам" десе, башка бирөөгө бактымды алдырып жибербейин деп Кыргызстанга келе бергенмин *(күлүп)*. Жаштык кыз-жигит мезгил башталган учурда Нурзаада эрте менен окуп, түштөн соң эфирде алып баруучу болчу, жумуштан соң ар күнү үйүнө өзүм узатпасам тынч уктабайт элем. Эх сүйүүнүн күчү, балким ошол учурлар болбогондо азыр мынтип жанымда жубайым болмок эместир...



**Нурзаада:** Чынында бардык кыз-жигитте түшүнбөстүктөр болсо керек, анан жөн эле олтуруп жигитти сынап көрөйүн деп коштошуу сөздөрүн айтып, турмушка чыгамын деп койсом, арадан 1 жума өтпөй жаныма келип калган, ошондон кийин да Залкардын эрктүү, чечкиндүү экендигин байкагам, кийин да аябай көп камкордук көрсөттү, дагы бир мактанчу нерсем ар кандай жаман жоруктарды жасабаганы *(чылым чегүү, ичимдик ичүү)*. Азыр шаарда өзүбүз эле жашайбыз, жолдошумдун ата-энеси чет өлкөдө жашап, бизге көп колдоо көрсөтүшөт. Ошентип азыр окуудан, жумуштан келгенче ысык тамак-аш даярдап, кечкисин сейилдеп бактылуу көз ирмемдерди өткөрүп жаткан учурубуз.

**Залкар:** Жашоодо бардык нерсе дайыма жакшы боло бербейт да, үй-бүлөдө казан-аяк кагышат деген сөздөрдү угуп жүрөбүз. Бирок кудайга шүгүр бизде анчалык катуу түшүнбөстүк болбогон. Эркек бир аз сабырдуу болуп, жылуу сүйлөп койсо эле, назик болгон аялзаты кулпуруп, ишеним артып, түшүнбөстүктөр өзү эле жоголот деп ойлойм. Жубайыма көз тийбесин (күлүп) көк бет, айтканынан кайтпаймдегендей мүнөзү жок, тез эле жазылат. Мен ойлойм, экөөбүз тең максатыбызга жетүү үчүн токтобой өжөрлөнгөнүбүз окшош деп. Түшүнбөстүктөр болсо, олтуруп алып сүйлөшүү аркылуу чечебиз.

**Нурзаада:** Азыркыга караганда кыз-жигит мезгилде көп таарына берчүмүн, эмнеге экенин билбейм (күлүп) ,азыр болсо андай эмес, же менин мүнөзүмдү жолдошум билип, түшүнүп калган үчүнбү андай кырдаалдардан тез эле чыгабыз, көпкө созулбайт. Негизи мурдатан кыялданчумун аракетчил, өжөр, максаттуу жолдошум болсо деп, жолдошумдун өтө өжөр, тырышчаак, максатына жетүү үчүн болгон аракетин жасарын, анын кичинекей кезиндеги хирург-врач болом деген кыялына жетүү үчүн ЖРТни 5 жолу тапшырып, бирок ийгиликсиз болуп , анан 5-жолкусунда ийгилик коштоп , ОшМУнун мед. факультетине тагыраагы өзү эңсеген окуу жайга өткөнүн билдим.

**Залкар:** Мен чет өлкөдө жүргөндө, телефон менен такай сүйлөшүп турчубуз. Ата-энемдер билишчү, анан бир күнү Нурзаадага "апам менен таанышасыңбы ?" десем, өзү тартынбаган, ачык айрым кыз болгон үчүн ошол замат ооба деди. Апам жана эжем (апамдын сиңдиси) болуп жолугушкан, жолугушуу кандай өткөнүн билбейм, бирок апамдарга жубайым жаккан. Мен болсо жагарына мурдатан эле ишенчүмүн. Ошентип, мен келгенден кийин ата-энем кайын атамдар менен сүйлөшүп, той белгиленген. Атайы колун сурабаптырмын.

**Нурзаада:** Эч бир жерде тартынбаган жаным ошол учурда кадимкидей сүрдөгөнмүн, эми болочоктогу "кайнене" деп элестетип, баарыбир коркконмун, бирок сүрдү жеңүүнүн техникаларын жакшы билем да (күлүп) сыр берген эмесмин. Апам мен ойлогондой сүрдүү эмес, жапжаш, сулуу аял экен. Мага ошондо эле таттууларды, белектерди алып келген, балким ошого сүйүнүп кеткенминби, айтор таанышуу оңой өткөн. Мамилебиз таттуудан, кафедеги ширин тамактан башталган үчүн азыр да ошондойбуз, өзү чет өлкөдө болсо да атайы мага таттууларды жиберип турат. Дайыма колдоо көргөзөт.

**Ширин Абдылда кызы**

# ИНСТАГРАМДА КӨП КАТТАЛУУЧУСУ БАР СТУДЕНТТЕР

*Санариптик дүйнөдө жашап жаткан адамдар, өзгөчө жаштар үчүн интернетти колдоно билүү азыркы учурда аябай актуалдуу. Баарыбыз билгендей эле инстаграм, ютуб, тик-ток жана башка социалдык тармактар аркылуу өзүн таанытып, өз блогун жүргүзүп жаткандар өтө көп.*

*Ал эми блогер деген ким? Ал кантип блог жүргүзөт? деген суроолор баарыбызга кызык болсо керек. Блогер - бул блогу бар жана коомдук же жеке кызыкчылык темасында үзгүлтүксүз негизде контент түзүүчү адам. Ал өзү каалаган багытта блог жүргүзүп, анын максаты коммерциялык же жеке болушу мүмкүн.*

*Блогер болуу үчүн журналист, жазуучу же программист катары эч кандай тажрыйба жана билим талап кылынбайт. Негизгиси трендден калбастан, өз катталуучуларыңдын көңүлүн өзүңө тартып, креативдүү ой жүгүртүп туруунуң керек.*

*Мына ушундай креативдүү жаштар биздин Ош мамлекеттик университетинде бар экендиги бизди кубандырат. Заман менен кошо өнүгүп, өздөрүнүн таланты, аракетчилдиги менен таанылган студенттерди кепке тарттык.*

**Данияр Маматкасымов, Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти:**



## “Инстаграм менин жашоомду өзгөрттү”

Азыркы учурда интернеттин орду чоң. Кээ бир адамдар өз жашоосун интернетсиз элестете албайт. Тагыраак айтканда социалдык тармактарсыз. Ал тармактардын бири – инстаграм. Инстаграм менин жашоомду өзгөрттү деп айтсам болот. Азыркы учурда блогерлик менен алектенип жаткан кезим. Блогерлик – бул өзүнчө кесип деп эсептейм. Бул тармакка мектепте окуп жүргөн учурда эле кызыкчумун. Кичине кезимде таанымал инсан болгум келчү. Байкем Адилет Айтматов ушул кесип менен алектенет. Байкемди көрүп кызыгуум артты. Мага байкем колдоо берип турчу. Баракчамдын ачылганына 1 жыл болуп калды. 11-класста окуп жатып биринчи видеоролик чыккан. Азыркы учурда 15миңдей катталуучум бар. Баракчама катталуучулардын маанайын көтөрүүчү ар кандай видеороликтерди тартам. Эң көп көрүүчү алган видеоролик ушул жылдын 13-февраль күнү чыкты жана 350 миң көрүүчү көрдү. Бул тармак акча алып келүүчү тармак десем жаңылышпайм. Блогер кесиби оңой көрүнгөнү менен аудитория чогултуу аябай кыйын. Жаман, негатив сөздөрдү жазган адамдар да аз эмес. Бирок, андай нерселерге маани бербегенге аракет кылам. Инстаграмдан тышкары окуу менен алекмин. Инстаграмдан башка тик-ток тармагын алып кетүүгө аракет кылам. Жашоомдо инстаграмдагыдай шайыр адам эмесмин. Коомдук жайларда адамдар келип мени менен сүрөткө түшүшсө өзүмдү таанымал адам катары сезип, башкача сезимдер болот. Бул тармак менен өнүккүм келет.



**Байыш уулу Байхан, индустриалдык-педагогикалык колледжинин студенти:**

## “Кызыктуу контентти киргизгени аракет кылам”

Адамдардын жашоосу интернетке байланып калбашы керек. Бирок интернет жаатында өнүксө болот. Инстаграм менин жашоомо көптөгөн өзгөрүүлөрдү киргизди десем болот. Менин жүрүм-турумумду, сүйлөгөн сөзүмдү, кийген кийимимди өзгөрттү. Блогерликке кызыгуум 2021-жылы башталган. Ошол убактан бери блогерлик менен алектенип келем. Азыркы учурда баракчамда 70 миңдей катталуучум бар. Бирок баракчамды көбүнчө жаштар көргөндүктөн, жашоомдо эмне кызыктуу окуялар болсо аны тамаша кылып киргизүүгө аракет кылам. Өзүм жөнүндө айта кетсем, спорт тарабынан көптөгөн жеңиштерди багындырып келе жатам. Киного, тасмаларга каскадёр болуп тартылып, көптөгөн мамлекеттерге барып келдим. Инстаграмдан сырткары окуу менен алекмин. Баракчама катталуучуларга кызык болгон контентти киргизгени аракет кылам. Өзүбүздүн блогерлерди жана ошондой эле башка өлкөлөрдүн блогерлерин көрүп мотивация алам. Башында көптөгөн адамдар каршы болуп жаман сөздөрдү айтышчу. Инстаграмга маани бербей, кызыгуу кеткен учурлар болгон. Бирок улантып кетүүгө аракет кылам. Мени колдоп, шык берген апам болду. Мындан башка ютуб тармагын алып кетүүгө аракет кылып жатам.

**Эргешов Адилет, Математика жана информациялык технологиялар факультети:**



## “Ата-энебизден акча сурабай, өзүбүздү-өзүбүз каржыласак”

Мен блогерликке колледжге келгенде кызыгып баштагам. 1-курста 2-3 бала бар эле ошолорду көрүп, мен да аракет кылып өзүмдү текшерип көрөйүн деп баштадым. Бир ай аракет кылдым, өзүм кылып аткан иш албетте мага жага баштады, себеби актив жакшы кеткен. Башында 300 катталуучу менен баштагам, 1айда 2000 көрүүчүгө жеткирсем, 1 жылдын аракети менен 16000 катталуучуга чыгардым. Блогерликтин артында 2022-жылы 21-февралда Бишкекте болуп өткөн “Блогер года-2022” наамын алдым. Анан рекламага заказ ала баштадым, кийин өзүм да башка профессия катары СММ, мобилографияны үйрөндүм. Азыр негизинен ушул эки тармак менен иштеп жатканыма байланыштуу блогерликке анча көңүл бөлө албай атам. Учурда тилекке каршы аккаунтум блокко түшүп, катталуучуларымды да жогото баштадым, ошого байланыштуу азыр 6400 эле катталуучум калды.

Инстаграм мен үчүн акча алып келүүчү жардамчым десем болот. Күнүнө 5-6 саат отуруп эле акча таба алам, реклама кылам, историяга киргизгеним 1500 турат, ал эми лентага 5000 сом алам. Студент досторго да сунуштайм. Ата-энебизден акча сурабай, өзүбүздү-өзүбүз каржыласак, аларга кылган жардамыбыз болот эле.

**Бегимай Мыктазарова, Алмаш Тукаева**

# КИМ КАНДАЙ ДИПЛОМДУК ИШ ЖАЗАТ?

Жаз мезгили кирип келип, аны менен катар эле мамлекеттик экзамендерге даярдыктар да башталды.

Университеттин 4-курстагы студенттеринин эң негизги көйгөйлөрүнүн бири болгон дипломдук иш жазуу түйшүгү старт алганы турат. Кээ бир студенттер окуу жылынын башынан эле даярданып жазып баштаган болсо, кээ бирлери эми гана темалары боюнча изденип жатышат.

Бүгүн айрым бүтүрүүчү курстагы студенттерди маекке тартып, дипломдук иш жазуу аракеттери жана мамлекеттик сынактарга даярдыктарын сурап көрдүк.

**Таанышбек уулу Жанарбек, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин 4-курсунун студенти:**

"Диплом жазууну адашпасам октябрь-ноябрь айларынан баштап айтып башташкан, мен жаңы жылдан кийин гана темага тиешелүү маалыматтарды издеп жазып баштадым. Биздин адистик чет тили болгону үчүн тема дагы татаалыраак "Синонимдик этиштерди которуудагы көйгөйлөр жана алардын тилдеги маданияттык орду". Албетте бир аз кыйынчылыкка туруп жатат, түшүнбөй калган учурда диплом жетекчибиз жардамдашып, айрым маалыматтарды китептен карасак, көпчүлүгүн интернет булактарынан алып жатам. Бирок ошентсе да дипломдук жумушумдун жарымы да бүтө элек"- дейт.

**Шербек уулу Нурсултан, Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин экономика адистигин бүтүрүүчүсү:**

"Дипломдук иштин темасы күз айларында тандалып бекитилген, ага карабастан эми-эми жазып, маалымат издеп баштадым. Биз экономисттер так илимдерге киргендиктен так, фактылар менен изилдеп көрсөтүп жазбасак туура болбой калат. Ошол үчүн биринчи бөлүмүн жазып, планын коюуга эле көп убакыт кетип калып жатат. "Кыргыз Республикасынын Орто Азия мамлететтери менен болгон экономикалык байланыштар" деген тема алганмын, учурдагы негизги көйгөйлүү тема десем болот, бул туурасында квалификациялык ишимди бүтүрсөм, чоң журналдарга же Орто Азиядагы журналдарга илимий иш катары берсем болот деп пландап жатам"- дейт.

**Жыргалбек уулу Амантур, Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин студенти жана Президенттик стипендиянын ээси:**

"Өзүм география мугалими болгондуктан, дипломдук ишти илимий изилдөө катары да Кыргызстанга жаңы ачылыш болсун деп Картография боюнча жазып, изилдеп жатам. Бизде жаңы картанын түзүлүшү кыргыз географиясында акыркы 30 жылда чоң жыңылык болуп жатат, анткени өзгөрүүлөр бар. Учурда Алтын деген агайым менен биргеликте эски карталарды жаңылап түзүп жатабыз. Ошондуктан дипломдук ишимдин 70-80 % эле практика түрүндө болуп, так көрсөтүлөт" - деп өзгөчө кубануу менен айтып берди.

**Камалидин кызы Үмүт, Юридика Факультетинин 4- курсунун студенти:**

"Дипломдук ишимдин темасы "Кылмыш жаза жоопкерчилигинин түшүнүгү" аттуу тема бекитилген. Темага карата маалыматтарды мен юридика илиминдеги окумуштуулардын иштерине жана ошондой эле мыйзамдарга таянып жазып жатам. Анткени биздин башкалардан айырмабыз ар бир ишибизди факты далил келтирип жазуубуз керек жана так маалыматтарга таянабыз.

Азыркы учурда практикада болгондуктан дагы да дипломдук ишимди жазууда жардамы тийип жатат деп айтсам болот, анткени практикада биз өзүбүз кылмыш жаза жоопкерчилигин колдонуп, коомдогу тартипти сактап жаткандыгын кандай колдонууларын көз менен көрүп, колубуз менен жасап жатабыз"-деп сыймыктануу менен айтып берди.

**Баардык бүтүрүүчү курстарга ийгилик каалайбыз, дипломдук ишиңерди мыкты деңгээлде жазышыңарга тилектешпиз!**



## Дүйнөдөгү кызыктуу, мыкты дипломдук иштер

Дүйнө жүзү боюнча статистикада көбүнчө эл аралык мамилелер жана юридика факультетиндеги дипломдук иштер мыкты деп таанылган. Ал эми кызыктуу жана кооптуу дипломдук иштердин катарын медицина, геология тармагындагы бүтүрүүчүлөр жазган. Ошондой эле татаал жана кылдаттык менен жазылган дипломдук иштерди программалар-инженериясы факультетиндеги айтишниктер жаратkan.

Алдыда сиздер менен бир канча кызыктуу жана мыкты дипломдук иштердин темалары, тизмектери менен бөлүшөбүз.

Беларусь мамлекеттик университети (БМУ) - "Религия. Атеизм", Эл достугу оруссиялык университети (РУДН) -"Грек балдарына орус тилин үйрөтүүнүн ыкмалары". Ал эми Европа өлкөлөрүндө дипломдук иш деген түшүнүк жыйынтыктоочу экзамен деген түшүнүккө алмашып калгандай.

Акыркы 10 жыл ичи Кыргызстандык бүтүрүүчүлөрдүн да дипломдук жумуштары мыкты болуп келген. Алардын ичинен 2009-жылы Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин студенти (КГУСТА) "Мотивациялык башкаруу кризиске каршы башкаруунун фактору катарында" деген темадагы дипломдук иш жазып университеттер арасында уюштурулган аналитикалык журналдар жана "Кумтөр" компаниясынын сыйлыгын утуп алган.

2018-жылы Кыргыз-Орус-Славян университетинин (КРСУ) архитектура жана дизайн факультетинин стунденттери мода чөйрөсүнө өзгөрүш жасап, өздөрүнүн дипломдук иши менен белгилүү дизайнерлердин көңүлүн бура алган.

Балким сиздин дагы дипломдук ишиңиз белгилүү сыйлыктарга ээ болуусу мүмкүн, андыктан мыкты дипломдук иш жазып сынактарга жиберип сунуштап көрсөңүз болот.

**Абдималик кызы Чолпонай**

# QS дүйнөлүк рейтингдеги топ - 5 университет

Университеттердин дүйнөлүк QS рейтинги (англ. QS World University Rankings) - Quacquarelli Symonds компаниянын университеттер рейтингинин жылдык жарыялоосу.

Университеттердин дүйнөлүк QS рейтинги мурун Times Higher Education катары таанымал болчу, ал жеке ишин баштоодон мурун Times Higher Education журналы менен биргелешип, 2004-2009-жылдар арасы эл аралык тизмектерин чыгарган. Андан кийин QS эски методология боюнча иштегенди улантып, Times Higher Education жаңы методологиясын кабыл алган. Учурда QS системи дүйнөлүк жана дисциплиналык рейтингтерди (беш курамдык факультеттер жана 46 ар кайсы дисциплиналар боюнча эң мыкты дүйнөлүк университеттерин атоо) жана беш көз карандысыз аймактык тизмектерди (Азия, Латын Америка, Европа (өнүгүп келе жаткан өлкөлөрү) жана Борбордук Азия, Араб аймагы жана БОИКТ өлкөлөрү) камтыйт. QS рейтинги Эл аралык рейтингтин серепчилер тобу тарабынан макул болуп табылган жалгыз рейтинг жана дүйнөлүк университеттердин академиялык рейтинги (англ. Academic Ranking of World Universities) менен Times Higher Education рейтингтердин катарына кирип, эң көп окулган дүйнөлүк университеттердин рейтинги болуп саналат.

QS World University Rankings дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин рейтингин түзүүчүлөрү университеттерди алты көрсөткүч боюнча баалайт: илимий ишмердүүлүк, окутуучулук, иш берүүчүлөрдүн пикири жана карьералык потенциал, чет элдик студенттер менен окутуучулардын саны. Рейтингге ээ болуу үчүн университет жок дегенде эки кеңири предметтик чөйрөдө (мисалы, искусство жана коомдук илимдер, инженерия жана технология, укук жана бизнес) бакалавриат жана магистратура программаларын сунушташы керек.

QS рейтинги академиялык чөйрөдө университеттердин аброюна көңүл бурат.

Буга чейин QS рейтингинин лидерлери көп жылдар бою АКШ менен Улуу Британиянын университеттери болуп келген.

**Кеңешбек кызы Уулкан**

## 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча эң жогорку балл топтогон топ - 5 университет:



1. Массачусетс технология институту



2. Оксфорд университети



3. Стэнфорд университети



4. Кембриж университети




5. Гарвард университети

# КРОССВОРД

**Жоопторун: 0703-75-73-71 номерине жөнөтсөңүз болот жана башкы корпустун 001-кабинетине толтуруп алып келсеңиз болот.**

1. Трагедияга карама-каршы, тамашалуу сюжеттеги көркөм чыгарма?
2. Кевин Систром жана Майк Кригер тарабынан негизделген америкалык фото жана видео бөлүшүүчү социалдык түйүн?
3. "Ак чыны" кимдин чыгармасы?
4. Жашоодогу сандык катыштар жана мейкиндик формалары жөнүндөгү илим?
5. Баалуу металлдын атын алып жүргөн мамлекет?
6. ОшМУда ... эстрадалык тобу иштеген, ал кайсы топ?
7. Ак мөөр улуу сүйүүсү үчүн көч үстүндө ким менен жарыша кеткен?
8. Алгачкы китеп ... 1455-жылы Гутенберг тарабынан жасалган, кайсы өлкөдө?
9. Укмуштуудай интеллектуалдык жөндөмдүү адам?
10. Кыргыздар биринчи жолу кайсы жазууну колдонушкан?
11. Талаштуу маселелер талкууланган интеллектуалдык оюн?
12. Бактылуу көз ирмемди тарыхта сактап калчу эң сонун курал?
13. Баяндоо түрүндөгү ыр менен жазылган чыгармалар эмне деп аталат?
14. Бир нерсенин ортосу, негизги бөлүгү же чекити, ошондой эле негизги жери, өлкөнүн, аймактык бирдиктин, социалдык топтун, инфраструктуранын эң маанилүү ресурстарынын топтолушу ж.б. Сөз эмне жөнүндө болуп жатат?
15. Дүйнөдө алгачкы селфини ким жасаган?
16. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун ... району. Көп чекиттин ордуна жообуңузду коюңуз?




**Сизге ийгилик!**

Жоопту жөнөтүп жатканда төмөнкүлөрдү толтуруңуз:

Аткарган________________________________;

Факультети________________________________;

Тайпасы________________________________;

Байланыш номери:______________________________.

**Эртабылды кызы Даткайым (+996 703 757 371)**

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Даткайым Эртабылды кызы
Бийгелди Апжапаров
Жунус Асеков
Элена Аданова

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902